http://www.jumgal.kg

# Жумгалда бүтүрүүчүлөрдүн көбү Кыргыз Түрк Манас университетине тапшырууга кызыгышат ☎сурамжылоо☽

20.04.2015




Нарын облусунун Жумгал жаштар борборунда 18-апрелде «Мен киммин?», «Келечекте ким болгум келет?» — аттуу темада кесипти туура тандоо боюнча бүтүрүүчүлөргө уюштурулган масстер-класстын алкагындагы сурамжылоодо көпчүлүк окуучулар Кыргыз түрк Манас университетине тапшырууга кызыгышат. Мындай маалыматты аймактык кабарчы маалымдады.

Анда маалымдалгандай, окуучулардын арасында кесипти туура тандоо боюнча атайын кесип ээлери менен биргеликте мастер класстар уюштурулду. Анын жыйынтыгындагы сурамжылоодо көпчүлү окуучулар Кыргыз түрк Манас унивеситетине тапшырууга кызыгышат.

Ошондой эле, окуучулар келерки мастер класста аталган окуу жайдын жетекчилигин же атайын өкүлдөрүн келип катышып берүүсүн өтүнүштү.